**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**
**Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын**
**Тарых жана маданий мурастар институту**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕЅЕШ Д.07.11.025**

**Кол жазма укугунда**
**УДК 947.1 (575.2) (043.3)**

**САБИРОВ РЫСБЕК КЕЛДИБЕКОВИЧ**

# «Кыргыз Республикасынын Кытай Эл Республикасы менен саясий-экономикалык кызматташуусунун өнүгүүсүнүн тарыхый анализи (1992–2010-жж.)»

**Адистиги: 07.00.02 – Ата мекен тарыхы**

**Тарых илиминин кандидаттык илимий даражасын изилдеп алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2013**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунда аткарылды

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Чотонов Үсөналы**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Каана Айдаркул**

тарых илимдеринин кандидаты **Мамытов Улукбек Жанышевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы

Диссертация 2013-жылдын «31» майында саат 13-00 дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун жана алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.11.025 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265 а

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2013 -жылдын "_____" ________________ жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор** **Ш.Д. Батырбаева**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** 1991-жылы Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкка жеткен мезгилден баштап Кытай Эл Республикасы биздин Республиканын тышкы саясатында эң приоритеттүү өлкө болуп калган. КРсы өзүнүн тышкы саясатында тынчтыкта өнүгүү саясатын колдоо, өзүнүн коңшулары менен ынак жашоо, достукту бекемдөө принциптерин негизги орунга койгон. Кытай менен кыргыз элдердин ортосундагы байыркы мезгилден баштап эле ата-бабаларыбыз тарабынан түзүлгөн салттуу мамилелер Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы азыркы эки тараптуу байланыштардын өнүгүшүнө бекем негиз түздү. Азыркы учурдагы орчундуу экономикалык реформалар жүргүзүлүп жаткан шартта өз ара пайдалуу кызматташтыкка умтулуу эки тарап үчүн да өзгөчө мааниге ээ. Экономиканы реформалоо багытындагы Кытайдын ири тажрыйбасы биздин өлкөнү кызыктырбай койбойт. Кытай Эл Республикасынын жетекчилиги кыргыз мамлекетине ар тараптан жардам берип эле чектелбестен, эки тараптуу байланыштардын бүт чөйрөлөрүндө тең укуктуу кызматташтыкты өнүктүрүүгө аракет жасоодо.

Кытай Эл Республикасы бүгүнкү күндө экономикалык жактан өтө тез темп менен өнүгүп жаткан өлкөлөрдөн болсо дагы, ал башка мамлекеттер менен экономикалык жана саясий байланыштарды күчөтүүгө муктаж. Азыркы мезгилдеги КЭР үчүн дүйнөнүн түрдүү аймактарында өзүнүн саясий жана экономикалык таасирин күчөтүү эң приоритеттүү багыт болуп калды.

КЭРдин глобалдык эл аралык системадагы орду жана ролу өтө чоң. Бул өлкөнүн аймактык кызматташуу уюмдарынын алкагында өзүнө чектеш коңшулаш мамлекеттер менен, анын ичинде Кыргызстан менен да байланыштарды бекемдөөдө. Кытай ядролук клубка кирген Улуу державалардын бири жана ал дүйнөдө калктын саны боюнча жана калктын жыш жайгашуусу боюнча да биринчи орунда турат. Бирок, анын азыркы мезгилдеги негизги өзгөчөлүгү – экономикалык өсүүдөгү жасаган эң ири жетишкендигин айтса болот. Эгерде КЭРди өнөктөш өлкө катары карай турган болсок анда Кыргызстан үчүн бул багыт приоритеттүү мааниге ээ.

КЭР Кыргыз Республикасынын эң башкы тышкы саясий өнөктөшү болуп саналат. Ал алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Кыргызстан менен чектеш жападан жалгыз өлкө.

Бул мамлекет менен так достук мамилелерин өнүктүрүү коопсуздукту камсыз кылууга, андан сырткары Түштүк жана Чыгыш багыттарында байланыш системаларын өнүктүрүүдө, өз ара ыңгайлуу соода-экономикалык кызматташтыкты бекемдөөгө ири мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Кытай Кыргызстандын өтө келечектүү соода-экономикалык жана саясий өнөктөштөрүнүн бири болуп саналат. Анткени, Кытайда жүрүп жаткан процесстер, социалдык-экономикалык жана саясий реформалар Кыргызстанга жана бүтүндөй Борбордук Азия аймагынын туруктуулугуна жана коопсуздугуна өтө күчтүү таасир тийгизип жатат. Келечекте да анын таасири ошондой эле деңгээлде кала берет. Кытай жана Кыргызстан катышкан, ишке ашырылган жана ишке ашырылып жаткан биргелешкен долбоорлор коңшу өлкөлөрдү жакындаштырып эле тим болбостон, эки өлкөнүн тең экономикасына белгилүү бир деңгээлде салым кошуп жатат.

Аталган теманын актуалдуулугу баарыдан мурда, анын илимий жана коомдук-саясий факторлору менен аныкталат. Аталган мамлекет өздөрүнүн аймагы, калкынын саны, экономикалык жана аскердик кубаттуулугу боюнча кескин түрдө айырмалангандыгына карабастан өз ара пайдалуу нуктагы эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүүгө кызыкдар.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** XX кылымдын акыркы он жылдыктагы XXI кылымдын баш чениндеги Кыргызстан менен КЭРдин ортосундагы мамилелердин тарыхый өнүгүүсүн иликтөөгө алуу болуп саналат.

Жогоруда айтылган максатка ылайык, изилдөө учурунда төмөндөгүдөй **милдеттер** чечилет:

- КЭРдин Борбордук Азия аймагындагы негизги кызыкчылыктарын аныктоо, алардын (эки өлкөнүн) ортосундагы байланыштардын өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;
- Кыргыз Республикасынын тышкы саясий приоритеттерин ачып көргөзүү менен катар мамлекеттер аралык багыттардагы эки тараптуу мамилелердин калыптануусун жана өнүгүүсүн аныктоо;
- Кыргыз-Кытай соода экономикалык мамилелеринин өзгөчөлүктөрүн изилдөө;
- Эки мамлекеттин биргелешкен ишмердүүлүгүн, алардын өз ара байланыштарын илктөөгө алуу.

**Изилдөөнүн хронологиялык** рамкасы XX кылымдын акыркы он жылдыгы XXI кылымдын баш чени эсептелинет. Анткени, так ушул мезгил аралыгында Кытай КРдин көз карандысыздыгын тааныган жана кыргыз-кытай мамилелери калыптанып, өнүгө баштаган. Алгач байланыштардын саясий бөлүгү, андан соң эки тараптуу мамилелердин экономикалык багыты күчөй баштаган.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы**. Бул эмгекте XX к. акыркы он жылдыгы – XXI к. баш чениндеги кыргыз-кытай мамилелеринин тарыхын изилдөөгө алгачкылардан болуп аракет жасалды.

Биздин пикирибизче, бул проблеманы изилдөө жана конкреттүү тарыхый фактыларды комплекстүү анализге алуу мамалекеттердин эки тараптуу байланыштарынын абалынын өнүгүшүн так ачып берүүгө

мүмкүнчүлүк түзүлөт. Андан сырткары, эки тараптуу байланыштардын түпкүрү сөзсүз түрдө азыркы өгүгүүнүн абалына таасир тийгизип, алардын ортосундагы байланыштардын өнүгүшүнө баа берип турууга мүмкүнчүлүк берет.

**Эмгектин практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдары Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди түзүүдө, лекциялык жана атайын курстарды даярдоодо колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар илимий-изилдөө процестеринде жана Кыргызстандын КЭР менен болгон саясатында системалуу, стратегиялык багытты иштеп чыгуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн жыйынтыктары адистер жана жалпы окурмандар үчүн да белгилүү бир дэңгээлдэ кызыгууну пайда кылат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор төмөнкүлөрдөн турат:**

- Кытай Эл Республикасы Борбордук Азиядагы геосаясий оюнчулардын ичинен эң башкысы болуп саналат. Анын бул аймактагы кызыкчылыгы экономикалык кызматташтык жана коопсуздук проблемасын чечүү менен байланышкан. Кыргызстан жана Борбордук Азия аймагы акырындык менен Кытай Эл Республикасынын экономикалык таасир чөйрөсүнө кирүүдө.
- Кыргызстандын КЭР менен болгон мамилеси анын экономикасынын туруктуу дэңгээлде өнүгүп туруусуна, андан сырткары аймактагы (анын ичинде, республикадагы) туруктуулукту жана коопсуздукту камсыз кылууда негизги факторлордун бири болуп саналат.
- КРсы менен КЭРдин ортосундагы ынак коңушулук мамилеleринин ыңгайлуу абалда өнүгүүсүнүн натыйжасында Кыргызстандын СУАР менен чек арага жакын аймактагы байланыштары тез темпте өнүгүп жатат. Мында СУАР кыргыз-кытай эки тараптуу байланыштардын бардык багыттарында транзиттик да, өз алдынча да мааниге ээ. Бул анын географиялык жактан жакындыгы жана Кыргызстан менен жалпы чек арага ээ экендиги менен түшүндүрүлөт.

**Изилдөөчүнүн өздүк салымы.** Диссертант тышкы саясий мамилелердин тарыхын, алардын суверендүү Кыргызстандын эл аралык байланыштарынын калыптануусуна тийгизген таасири боюнча ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектерин илимий жактан иликтөөгө алган. Изилдөөчү тарабынан Кыргыз Республикасынын Кытай Эл Республикасы менен эки тараптуу тышкысаясий байланыштарынын маселелери комплекстүү түрдө изилденген.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору жана маанилүү сунуштары КРнын УИАнын Тарых жана маданий мурастар институтунун «Кыргызстандын XX–XXI кк. тарыхы» бөлүмүндө, И.Раззаков атындагы КТУнин «Философия жана социалдык

илимдер» кафедрасында жана илимий-практикалык конференцияларда талкууга алынган.

**Эмгектин көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана библиографиядан (118 аталыштан) турат.

## ЭМГЕКТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ:

I Бөлүм *«Глобалдашуунун эл аралык процесске тийгизген таасири жана азыркы кыргыз-кытай мамилелеринин тарыхнаамеси”* деп аталып, ал эки параграфтан турат. 1.1.Параграф “Глобалдашуу шартындагы эл аралык мамилелер” деп аталып анда глобалдашуу шартындагы эл аралык мамилелердин эволюциясы иликтенет.

Мамлекеттердин ишмердүүлүктөрүндө алардын экономикалык жана социогуманитардык байланыштардын ишке ашыруу жараянында эл аралык мамилелер эң маанилүү орунду ээлейт. Мында өзгөчө баса белгилеп кетүүчү жагдай катары глабалдаштыруу процессин айтса болот. Аны эл аралык мамилелерден сырткары кароого болбойт, анткени ал адамзаттын жашоосунун ички процесстерин өзүнө чагылдырып турат. Ошондуктан глобалдашууну мезгилдин талабы катары караса болот. Глабалдашуу – бул дүйнөнүн бүт өлкөлөрүнүн жана аймактарынын экономикалык жана саясий жактан максималдуу түрдө бири - биринен көз каранды болуусу. Бул болсо бүгүнкү күндөмамлекеттердин өздөрүнүн чек араларын жаап жана өзүнүн жеке күчүнө гана таянуу аркылуу өнүгүүгө аракет жасоосу мүмкүн эмес экендигин тастыктайт. Ошондуктан ар бир мамлекет глабалдаштыруунун мүмкүнчүлүктөрүнөн максималдуу деңгээлде пайдаланып, дүйнөлүк процесстерден артта калбоого умтулуу зарыл.

Глобалдашуунун маңызына эң кыска аныктама бере турган болсок аны адамзаттын бирдиктүү бир бүтүндүккө кошулуусунун объективдүү, табийгый процесси катары караса болот. Глобалдашуу түшүнүгү азыркы мезгилдеги интеграциялык процесстерди өзүнө камтыйт, ал болсо өз кезегинде бири-бири менен байланышып, бири-бирине көз каранды болгон жана универсалдуу мүнөзгө ээ болууда. XXI кылымда адамзат өзүнүн өнүгүүсүндө жаңы глабалдуу өнүгүү дооруна өттү.

Азыркы учурда эл аралык мамилелердин бүт системасында терең өзгөрүүлөр жүрүп жатат. Эми дүйнөдөгү байлыктарды бөлүштүрүү тигил же бул мамлекеттердин жүргүзгөн саясатынан гана эмес Дүйнөлүк Валюта Фондусу жана Дүйнөлүк банктын жүргүзүп жаткан иш аракетинен да көз каранды болот. Трансулуттуу Корпорациялар (ТК) фискалдык чөйрөдө чоң ролду ойноп жатышат. Жеке фирмалар жана ТК мамлекеттерди социалдык башкаруу, калкты ишке орноштуруу, эмгек жана эмгек акы жана башка багыттагы милдеттеринен ажыратууда. Жогоруда аталган иш аракеттердин баары мамлекеттик мыйзам аркылуу

жөнгө салынбастан, чет элдик фирмалардын ички тартибинин негизинде ишке ашырылууда.

Мына ошентип, глобалдашуу процесси өтө карама-каршылыктуу жана татаал коомдук кубулуш болуп саналат. Биринчи тараптан, глобалдашуу дүйнө элдерин бириктирүүгө аракет жасап, анын жашоо деңгээлин сапаттык жактан өзгөртөт. Андан сырткары, мамлекеттердин экономикалык жана саясий өнүгүүсү тездейт, технологиялык, илимий жана маданий жетишкендиктерден дүйнөнүн бүт элдери пайдалана алышат. Экинчи тараптан, глобалдашуу процесси бай, өнүккөн Батыш мамлекеттери менен өтө жарды өлкөлөрдүн ортосундагы айырмачылыкты күчөтөт. Андан сырткары, Батыш мамлекеттеринин дүйнөнүн бүт өлкөлөрүнө өзүнүн таасиринин, басымынын күчөшүнө, жер шарынын элдеринин өздөрүнүн улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүнүн, улуттук көз карандылык, мамлекеттүүгүнүн жоголушуна, адамдын инсандыгы калыпка салынып, анын руханий байлыгынын жоюлушуна алып келет.

Азыркы учурда дүйнөлүк деңгээлдеги негизги проблема бул эл аралык институттарды жаңылоо, алардын курамын өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн эсебинен толуктоо жана бүт өлкөлөрдү кызматташууга тартуу эсептелинет.

Глобалдашуу процесси адамзатты кайрадан бир бүтүндүккө кошууга болгон аракет болуп саналат. Аны туура пайдалануу, бүт өлкөлөрдүн тез темпте өнүгүүсүн камсыз кылып, алардын ортосундагы карама-каршылыктардын жоюлушуна алып келет.

1.2.Параграф *“Кыргыз-кытай кызматташтыгы маселелеринин илимий адабияттарда иликтениши”* деп аталат жана анда проблеманын тарыхнаамеси иликтенет.

Кыргызстан менен Кытайдын өз ара мамилелери боюнча материалдар эл аралык саясат таануучулардын, саясат боюнча адистердин, экономисттердин, тарыхчылардын эмгектеринде чагылдырыла баштаган.

Бул изилдөөдө бир катар кыйынчылыктар болду, анткени ата мекендик жана чет элдик тарыхнаамеде XX кылымдын аягы XXI кылымдардын баш чениндеги Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы эки тараптуу байланыштарга арналган атайын изилдөөлөр саналуу гана болгон. Тескерисинче, саясат таануу, экономика жана маданият жаатындагы Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелер боюнча материалдар Советтик, Россиялык, ата-мекендик жана чет элдик тарыхнаамеде кенен, кенири изилденген.

Аталган проблеманы изилдөөдө XX кылымдын 30–90-жылдарында жана XXI кылымдын баш ченинде эл аралык мамилелердин тарыхы, андан сырткары дипломатиянын тарыхы боюнча жарыяланган жалпы эмгектерге өзгөчө көңүл буруу зарыл.

2000-жылдын башталышында глобалдашуу проблемасына жана анын азыркы эл аралык байланыштарга тийгизген таасири боюнча бир катар монографиялар жарыяланган [1.13; 1.34; 1.63].

Постсоветтик мейкиндикте эл аралык мамилелердин теориясын изилдөө процесси калыптануу жана өнүгүү этабындатурганына карабай акыркы учурда россиялык ири изилдөөчүлөр тарабынан бир катар эмгектер жарыяланды. Бул изилдөөлөрдүн негизинде КЭР менен Кыргызстандын өз ара мамилелерин теориялык жактан изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Эл аралык мамилелердин теориясы боюнча иштеп жаткан изилдөөчүлөрдүн ичинен А.Д.Богатуров [1.14], П.А.Цыганков [1.32], М.М.Лебедев [1.31], Г.Н.Новиков [1.38], А.А.Свешниковдорду өзгөчө белгилеп кетсе болот [1.44]. Чет элдик теоретиктер З.Бауман [1.12], С.Амин [1.10], С.Хантингтондордун [1.69] эмгектери да бул эмгекти жазууда чоң көмөк көргөздү.

1990-жылдары Россияда КЭРдин тышкы саясатын изилдөө процессинде терең өзгөрүү болуп өткөн. Бул учурда мурун уруксат берилбеген белгисиз архивдик булактардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Алардын арасынан В.Г. Гельбрас [1.18], В.С.Мясникова [1.36], В.Я.Портякова [1.61], А.В.Меликсетов [1.33], А.Д. Воскресенскийлердин [1.16] изилдөөлөрүн өзгөчө белгилеп кетүү зарыл, анткени алардын эмгектеринде бизге алгач белгисиз, мурун урукмат берилбеген архивдик материалдар илимий нукка киргизилген.

2000-жылдардын баш ченинде россия-кытай байланыштарына арналган бир катар монографиялар россияда жарык көргөн [1.61; 1.29; 1.30]. Анда XX–XXI кылым чегиндеги россия-кытай мамилелеринин түрдүү проблемалары жана аспектилери изилдөөлөрдүн чордонунда турган. Анда экономикалык өз ара байланыштардын өзгөчөлүктөрү ачып көргөзүлүп, эки өлкөнүн чек ара проблемалары иликтөөгө алынып, Россиянын Тынч океан аймактарынын Кытайдын жана Россия саясатындагы орду жана ролу ж.б. проблемаларга (иликтөөгө алынган) терең илимий түрдө баа берилген.

Казакстандык окумуштуу К.Л.Сыроежкиндин [1.45] монографиясы өзүнө чоң көңүл бурууну талап кылат. Анда кытай жетекчилигинин тышкы саясаты боюнча концептуалдуу проблемалары жана Кытайдын Коопсуздук стратегиясы иликтөөгө алынган.

Изилденип жаткан проблема боюнча КЭРдин Борбордук Азия менен болгон өз ара байланыштары жөнүндө кытай окумуштууларынын изилдөөлөрүн өзгөчө белгилеп кетүү зарыл. Мисалы, Бао Инин макаласында КЭРдин Борбордук Азиядагы стратегиялык кызыкчылыгы, өз ара кызматташуусунун негизги принциптери жана механизмдери, андан сырткары, кызматташуунун өнүгүшүнө терс таасир тийгизип жаткан факторлор так иликтөөгө алынган [5.93].

Ли Лифань жана Дин Шиу АКШны, Россия жана Кытайдын Борбордук Азия аймагындагы геосаясий стратегиясын иликтөөгө алышкан (алардын изилдөөлөрү 2001-жылдын 1-сентябрына чейинки процесстерди жана андан кийинки мезгилди өз ичине камтыйт) [5.104].

Диссертациялык ишти жазууда өзгөчө көңүл кыргызстандын тышкы саясатынын түрдүү аспектилерин изилдешкен ата-мекендик окумуштуулардын монографияларына өзгөчө көңүл бурулду. Алардын ичинен, КРнын тышкы иштер министрлигинин тасыккан дипломаттарынын изилдөөлөрүндө К.А.Токтомушев [1.47], М.Иманалиев [1.55], А.Джекшенкуловдордун [1.20] Кыргызстандын тышкы саясий ишмердүүлүктөрүнүн актуалдуу маселелери иликтенген.

Кыргызстандын тышкы саясатынын тарыхы боюнча башка эмгектердин ичинен Н.М.Оморов [1.39; 1.40; 1.41; 1.42], К.Айдаркул [1.1], У.Чотонов [1.49; 1.50], А.Жоробекова [1.22], А.Аламановдордун [1.9] монографияларын айтса болот. Аларда КРнын тышкы саясий ишмердүүлүгүнүн түрдүү аспекттери, анын ичинде Кыргызстандын Кытай Эл Республикасы менен болгон байланыштары, андан сырткары кыргыз-кытай чек ара маселелерин жөнгө салуу проблемалары иликтенген.

КРнын тышкы саясатынын өзүнчө проблемалары боюнча доктордук жана кандидаттык диссертациялар түрүндө жазылган Кааны Айдаркулдун [4.84], Т.А.Ташибековдун [4.85], С.Э.Бекибаевдин [4.86] жана башка изилдөөчүлөрдүн фундаменталдуу эмгектери бар.

Жогоруда айтылгандардан улам төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарса болот: ата-мекендик тарыхнааме кыргыз-кытай байланыштарынын кээ бир маселелерине гана көңүл бурулуп, үстүртөн гана иликтенген. Кыргыз-кытай мамилелеринин көптөгөн проблемалары толук түрдө иликтенбей, көптөгөн мезгилдерге чейин ата-мекендик окумуштуулардын атайын изилдөөлөрүндө алиге чейин чагылдырылган эмес. Демек, бул проблема жакшы изилдене элек деп тыянак чыгарсак болот. Бул эмгекте аталган татаал жана көп кырдуу проблеманы толук чагылдырууга мүмкүн болбосо дагы, аны комплекстүү түрдө изилдөөгө аракеттер жасалды.

*II Бөлүм "Кыргыз-кытай мамлелерин изилдөөнүн булактык базасы жана аны изилдөөнүн методологиясы"* деп аталып эки параграфтан турат.

*2.1. параграф "КЭРдин Борбордук Азиядагы стратегиялык кызыкчылыктары жана аймактын өлкөлөрү менен кызматташуусу"* деп аталып негизинен КЭРдин Борбордук Азиядагы тышкы саясатынын приоритеттери жана милдеттери каралып, Кытайдын аталган аймактагы кызыкчылыктары такталган.

XX кылымдын 90-жылдарында гана Борбордук Азия Кытай үчүн жакынкы чет өлкө экендиги кайрадан тастыкталды. СССР кулаган соң Кытайдын Борбордук Азия өлкөлөрү менен болгон мамилелери жаңы деңгээлге көтөрүлгөн. Ал процесс эки тарап үчүн тең жаңы коркунучтар,

жаңы мүмкүнчүлүктөр менен коштолгон. Бул мезгил аралыгында Пекиндин аталган аймактагы саясаты өзүнүн калыптануу процессинде турган жана ал өтө этияттыгы жана сезимталдыгы менен айырмаланган.

XX кылымдын биринчи бөлүгү Кытайдын бул аймакта кылдаттык менен жүргүзгөн саясаты аркылуу айырмаланат. Ал жаңы мамлекеттер менен соода байланыштарын түзгөн, алгач мындай байланыштар баш аламан жүрүп, сооданын ири бөлүгү жеке жөө бизнеске туура келен. Ал мезгилде толук кандуу экономикалык байланыштар КЭРдин Борбордук Азиядагы саясатындагы планында өзгөчө деле роль ойногон эмес жана мындай сооданы Пекин Борбордук Азия менен чектешкен СУАРдын экономикасын жөнгө салууда кошумча мүмкүнчүлүк катары гана караган. Ал соода Кытай үчүн эле эмес, жада калса СУАР үчүн да кандайдыр бир приоритетке ээ болгон эмес. Анын баары Кытайдын аймактагы узак мөөнөттүү кызыкчылыктарынын так эместиги жана КЭРдин Борбордук Азияга кирүүсүнүн мүмкүнчүлүктөрү чектелгендиги (экономикалык, саясий-дипломатиялык ж.б.) менен түшүндүрүлөт.

Бирок 1990-жылдын орто ченинен тартып Пекин аймакта экономикалык жактан өзүнүн таасирин күчөтүү  үчүн милдеттүү түрдө бир катар практикалык иш чараларды жүргүзө баштаган. Андан сырткары, ошол мезгилде Борбордук Азияда эң ири өлчөмдө нефти жана газ ж.б. бар экендиги керектүү табигый ресурстар, кытай товарларын сатуу үчүн ири рыноктун болушу (55 млн. калкы бар) ж.б. тастыкталышы  Пекинди бул аймактагы саясатын кескин түрдө өзгөртүүгө мажбур кылган. Бул иш аракеттер  “Чоң Батышты өздөштүрүү” боюнча түзүлгөн улуттук стратегиялык планга ылайык жүргүзүлгөн.

“Чоң Батышты” өздөштүрүү стратегиясы негизинен экономикалык–географиялык ж.б. факторлродун негизинде СУАРды өздөштүрүүгө багытталган. СУАРдын Борбордук Азияга географиялык жактан жакындыгынан пайдаланып Пекин Борбордук Азия аймагынын ресурстук, чийки заттык базасын СУАРдын экономикасын өстүрүү, аны тездик темп менен индустриалдаштыруу процессинде колдонууга аракет жасаган. Андан сырткары, СУАР аркылуу Борбордук Азия өлкөлөрүнүн рынокторуна Кытай продукцияларын сатууга бел байлаган. Анын эсебинен СУАРдын экономикалык кубаттуулугун өсүшүн камсыз кылуу керек болгон. Ошондуктан, 1990-жылдардын экинчи жарымында Борбордук Азия мамлекеттери менен Коопсуздук жаатында (“Шанхай бешилтигинин” алкагында да) өз ара байланыштарды тездетүү менен катар, экономикалык мамилелерди да өнүктүрүүгө белгилүү бир деңгээлде мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Бул биринчи кезекте, КЭРдин Борбордук Азиядагы (эң башкысы, нефти-газ тармактарында) долбоордук-инвестициялык ишмердүүлүктөрүндө жана сооданын көлөмүнүн өсүшү байкалган.

Кытайдын Борбордук Азия мамлекеттери менен соода байланыштары-нын тездеши белгилүү бир деңгээлде 1998-жылы Россия Федерациясындагы финансылык-экономикалык кризиске себеп болгон. Бул болсо Россиянын Борбордук Азия менен экономикалык байланыштарынын масштабынын кескин төмөндөшүнө алып келген. Аймактын өлкөлөрү Кытай продукцияларын, негизинен эл көп керектөөчү товарлар, андан сырткары машина куруу ж.б. импортунун көлөмүн кеңейтүүгө чоң көңүл бура баштакан. Кытайдын Борбордук Азия менен болгон соодасынын 70–80 % СУАР аркылуу өтөт жана аталган аймак эң ири транзиттик борборго айланган.

Мына ошентип, акыркы 20 жыл аралыгында туруктуу өнүгүп, дүйнөдө эң алдыңкы лидерлерге айланган Кытай Борбордук Азиянын бүт республикаларынын экономикалык өнүгүүсүндө эми чечүүчү факторго айлана баштады. Ал аймактын ар бир мамлекети менен өз ара пайдалуу байланыштарды түзүүгө жетише алды.

КЭРдин Борбордук Азия мамлекеттери менен экономикалык кызматташуусу Кытай экономикасын өнүктүрүүнүн жалпы милдеттерине толук түрдө баш ийген. Борбордук Азияны өздөштүрүүнүн темпи Кытайдын мүмкүнчүлүктөрүнө дал келээрлик деңгээлде жүрүүдө, мында Кытай өзүнүн бул аймактагы экономикалык байланыштарын өнүктүрүүдө чыгашаларды азайтууга умтулууда.

Борбордук Азия жана Россиянын рынокторуна (СУАР аркылуу да) Кытай продукцияларынын товардын экспортунун күч алуусу КЭРдин өзүнүн Батыш аймактарын тез темп менен өнүктүрүүгө кетип жаткан жана алдыда кете турган эбегейсиз чоң чыгашалардын, жок дегенде жарымын кайтарып алууга мүмкүндүк алат. КЭРдин энергетикалык саясаты дагы Борбордук Азиялык көмүр кычкыл ресурстарын өзүнүн энергетикалык муктаждыктарын канааттандырууга жана алыскы мөөнөттүү келечекте тейлөө системасына бириктирүүгө багытталган.

КЭРдин Борбордук Азиянын чек араларына жакын жерлерде экономикалык жактан таасиринин өсүшү – өлкөнүн чийки заттарга болгон талабын күчөтөт, аны Евроазиялык табигый ресурстарга бай республикалардын эсебинен канааттандыруу маселеси пландаштырылган. КЭРде чийки заттарды жана металлдарды импорттоп алуу эң башкы проблемага айланды.

Азыркы учурда Кытай Казакстандын, Кыргызстандын жана бир аз кийинчерээк Өзбекстандын эң приоритеттүү соода өнөктөштөрүнүн катарына кирген.

Мына ошентип, эгерде Кытайдын Борбордук Азиядагы саясатынын башкы багыттарын чогултуп алып карай турган болсок, анда ал төмөнкүлөрдөн турат: биринчиден, аймактагы сепаратизмге бөгөт коюу жана каршы туруу, экинчиден, Борбордук Азия Кытай үчүн эң мыкты тыл

болуп берүүсү үчүн коопсуздукту ар тараптуу камсыз кылуу, үчүнчүдөн, көп кырдуу экономикалык байланыштарды өнүктүрүү – аталган аймакты тышкы соода багытында кызматташуунун объектисине жана энергияны импорттоонун булактарынын бирине айлантат.

*2.2.* парагаф *“Азыркы мезгилдеги кыргыз-кытай мамилелеринин тарыхый булактык жана методологиялык негиздери”* деп аталат.

Аталган изилдөөнүн методологиялык базасын изилдөөнүн жалпы логикалык жана жалпы илимий методдору, андан сырткары азыркы гуманитардык дисциплиналардын методдору түзөт. Бир эле мезгилде тарыхый жана дисциплиналар аралык методдор (көп фактордуу тең салмактуулук принциби, компаративдик, цивилизациялык) колдонулду. Проблеманы изилдөөдөгү негизги методдор катары тарыхыйлуулук принцибин атаса болот. Ал принцип эки тараптуу мамлекеттер аралык байланыштардын тарыхына баа берүүдө колдонулду. Андан сырткары, көп факторлуу тең салмактуулук методу колдонулду.

Диссертациянын үстүндө иштөө учурунда хронологиялык-тарыхый мамиле колдонулду.

Диссертациянын булактык базасынын негизин төмөнкүлөр түзөт: Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдары; статистикалык жыйнактар, мезгилдүү басмада жарык көргөн республикалык жана областтык статистикалык мекемелердин материалдары; мамлекеттердин жетекчилеринин расмий түрдө билдирүүлөрү; эл аралык келишимдер жана макулдашуулар, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары, Президенттин жарлыктары, эл аралык кызматташтык маселелерине тиешелүү Өкмөттүн жана Жогорку Кеңештин токтомдору; мезгилдүү басма сөз материалдары жана Интернет.

Мына ошентип, кыргыз-кытай эки тараптуу мамилелерин иликтөөгө алууда тарыхый булактык материалдардын белгилүү бир катмары ачып көргөзүлүп, талдоого алынды. Ал материалдар КРнын Президентинин архивинен, бир катар статистикалык жыйнактардан алынды. Андан сырткары, изилденип жаткан проблематика боюнча ата-мекендик жана чет элдик илимий адабияттарда жана мезгилдүү басылмаларда жарыяланган материалдар экинчи ирет талдоого алынды.

*III Бөлүм “Кыргызстан менен Кытайдын кызматташуусунун кээ бир аспектилери”* деп аталып, ал үч параграфтан турат.

3.1. *параграф «Кыргыз-кытай мамлекеттер аралык мамилелеринин калыптанышы жана өнүгүшү”* деп аталат жана анда Кыргызстан менен Кытайдын тышкы саясий байланыштары иликтенген.

1991-жылы Кыргызстандын көз карандысыздыгынын жарыяланышы жаңы мамлекеттин калыптанышына жана анын тышкы саясий ишмердүүлүгүн өз алдынча жүргүзүшүнө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Кытай менен кызматташтыкты өнүктүрүү биздин республиканын тышкы саясатынын башкы приоритеттеринин бири болуп эсептелет. Ал жалпы чек аранын болушу, коңшу мамлекеттин эбегейсиз чоң демографиялык жана экономикалык кубаттулугу, андан сырткары, Кытайдын аймактык жана дүйнөлүк саясатта таасиринин өсүп жаткандыгына окшогон факторлор менен шартталат.

Кытай Элдик Республикасы жана Кыргызстан коңшу мамлекеттер болуп саналып 1071 км. чек ара тилкесине ээ. Тарыхий жана географиялык жактан Кыргызстандын жана Кытайдын Батыш бөлүгү (СУАР) бирдиктүү саясий-маданий аймакка киришет, анда бирдей окшош ишенимге жана тилге ээ болгон, тууган элдердин жашашы күбө болот. Мындай окшоштук саясий жана соода-экономикалык байланыштардын өнүгүшүнө табигый шарттарды жаратат. Андан сырткары, бул аймак Чыгыш менен Батышты бириктирүүчү маданий, коммуникациялык жана транспорттук көпүрөгө айланган.

Бүгүнкү күндө Кытай Элдик Республикасы Кыргызстандын эң ири соода өнөктөшү болуп саналат. Кыргызстандын Кытай менен болгон соода байланыштарынын деңгээли КМШнын көптөгөн республикалары менен соода мамилелеринин деңгээлине караганда да көптүк кылган.

Биздин өлкөлөрдүн ортосундагы өнөктөштүк мамилелердин приоритеттүү бөлүгү катары саясий мамилелерди айтсак болот. Ал байланыштар эки өлкөнүн достук жана коңшулаш мамилелерди өнүктүрүүнүн пайдубалын түзөт. Кытай менен Кыргызстандын ортосунда саясий маселелер боюнча эч кандай пикир келишпестиктер жок. Анткени эки өлкө тең өнүгүп жаткан мамлекеттердин катарына кирет. Ушунун негизинде биздин мамлекеттер дүйнөлүк бир катар маселелерди чечүүдө бирдей же окшош көз караштарга жана позицияларга ээ.

1991-жылдын декабырында Кытай Элдик Республикасы биринчилерден болуп Кыргызстандын көз карандысыздыгын тааныган. 1992-жылдын 5–6-январында КЭРдин тышкы экономикалык жана тышкы соода министри Ли Ляньнин жетектеген өкмөттүк делегация Кыргызстанга келген. Анда эки маанилүү документке кол коюлуп, кыргыз-кытай өз ара байланыштарынын жаңы барактары ачылган. Ли Ляньнин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы Т.Койчуманов менен соода экономикалык Келишимге, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри М.Иманалиев Кытайдын тышкы иштер министринин орун басары Тянь Цзэнпэй эки өлкөнүн ортосунда дипломатиялык мамилелерди орнотуу боюнча коммюникеге кол коюшкан. Бул Коммюникиде Кыргызстан Кытай Элдик Республикасынын өкмөтүн Кытайдын жападан жалгыз мыйзамдуу өкмөтү катары тааный тургандыгын жана Тайвань Кытайдын аймагынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептеле турганыдыгын тааныган. Ага ылайык КРдин өкмөтү Тайвань

менен кандай гана формада болбосун расмий мамилелерди түзбөй тургандыгын билдирген. Мына ошентип өз ара мамилелердин алгачкы күнүнөн баштап эле эки өлкө бири-бирин урматтоо жана бири-бирине ишенүү принциптерин туу тута тургандыктарын билдиришкен.

Эки республиканын ортосундагы саясий баарлашууну кеңейтүү максатында 1993-жылдын августунда КРнын тышкы иштер министри Э.Карабаев КЭРге расмий сапар менен барган. Анда саясий, соода-экономикалык жана маданий багыттарда кызматташууну тереңдетүү боюнча маселелер талкууланган.

Бул иш сапардын алкагында Э.Карабаев Кытай мамлекетинин жана өкмөтүнүн жетекчилери, ишкер чөйрөлөрдүн өкүлдөрү менен жолугушкан. Анда маданий кызматташтык жана эл аралык унаа каттамы боюнча келишимдерге кол коюлган.

1994-жылдын апрель айында КЭРдин Малекеттик кеңешинин премьери Ли Пэн жетектеген Кытай өкмөттүк делегациясынын Кыргыз Республикасына келиши эки тараптуу кызматташуунун андан ары өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

1998-жылдын февралында Кыргызстандын тышкы иштер министри М.Иманалиев КЭРге расмий сапар менен барган. Бул иш сапардын негизги максаты эки тараптуу байланыштардын алкагындагы баарлашууну улантуу, андан сырткары, соода-экономикалык кызматташтыкты андан ары өнүктүрүү жана тездетүү боюнча бир катар маселелер талкууга алынган. Гуманитардык чөйрөдөгү карым-катнаштарга өзгөчө көңүл бурулган. М.Иманалиевдин КЭРдин Мамлекеттик Кеңешинин премьери Ли Пен менен жолугушуу учурунда тараптар Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы эки тараптуу байланыштарынын бүт багыттарын өнүктүрүү зарыл экендигин билдиришкен.

Бизге белгилүү болгондой 1990-жылдары Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы саясий кызматташтыктын негизги бөлүгү катары чек ара маселесин жөнгө салуу эсептелинген.

2002-жылдын 24-июнунда Пекинде Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда кол коюлган Ынак коңшулук, достук жана кызматташтык Келишиминде эки өлкөнүн ортосундагы бүт чек ара маселелери толук чечилгендиги тууралуу айтылат, бул чек ара укумдан-тукумга берилүүгө, аны түбөлүк тынчтык жана достук аймагына айлантуу зарылдыгы баса белгиленген. Чындыгында, биздин өлкөлөрдүн ортосундагы чек ара маселелерин чечүү эки тараптуу кызматташтыктын бүт чөйрөлөрүндө, анын ичинде парламенттик байланыштарды да өнүктүрүүгө оң таасир тийгизет.

Эки өлкөнүн ортосундагы саясий мамилелер азыркы күндө туруктуу жана жогорку деңгээлде өнүгүп жатат деп тыянак чыгарсак болот.

1992–2002-жылдар аралыгында Кыргызстан менен Кытайдын өнөктөштүгүн андан ары өнүктүрүү үчүн бир катар келишимдер түзүлгөн. Алардын эң маанилүүсү 1992-жылы май айында КРдин Президенти А.Акаевдин КЭРге болгон биринчи расмий иш сапары учурунда түзүлөн эки мамлекеттин ортосундагы өз ара байланыштардын принциптери жөнүндөгү кыргыз-кытай биргелешкен коммюникесине, достук мамилелердин негиздери жөнүндөгү Биргелешкен Декларация жана 1996-жылдын июлунда КЭРдин төрагасы Цзянь Цзэминдин Кыргызстанга болгон иш сапары учурунда кол коюлган кыргыз-кытай чек ара маселеси жөнүдөгү келишимдерди айтса болот. Андан сырткары, 1999-жылдын 25-августунда Кыргызстан, Казакстан жана КЭРдин мамлекеттик чек аралары кесилишкен жери жөнүндөгү келишимдер ж.б. атаса болот.

2003-жылдын июнунда КРнын Президенти А.Акаевдин Кытайга болгон иш сапары учурунда КЭРдин төрагасы Цзянь Цзямин менен бирге Ынак коңшулук, достук жана кызматташтык байланыштарын өнүктүрүү боюнча келишимге кол коюлган. Бул келишим эки тараптуу байланыштарды мыйзамдуу түрдө бекитип, эки өлкөнүн мамилелеринин өнүгүүсү үчүн бекем негиз түзгөн.

2004-жылдын сентябрында КЭРдин мамлекеттик Кеңешинин премьери Вэнь Цзябо жетектеген Кытай өкмөттүк делегациясынын Кыргызстанга болгон расмий иш сапары учурунда 2004–2014-жылга карата биздин өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү программасы ж.б. документтерге кол коюлган.

2004-жылдын 21-сентябрындагы КРсы менен КЭРдин ортосундагы кызматташтык Программасы кабыл алынган жана кол коюлган бир катар документтер 2007-жылдын 14-августунда КРсы менен КЭРдин ортосундагы Ынак коңшулук, достук жана кызматташтык боюнча биргелешкен декларация ж.б. Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы саясий өз ара байланыштардын бекем пайдубалын түзүп, кызматташуунун түрдүү багыттарындагы байланыштарды тездетүүгө шарт түзгөн.

Эки өлкөнүн ортосундагы түзүлгөн байланыштардын укуктук негизин 140 ка жакын бүтүмдөр жана келишимдер түзгөн. Аймагы, калкынын саны, экономикалык жана аскердик кубаттуулугундагы айырмачылыктарга карабастан эки мамлекет тең өз ара ыңгайлуу форматтагы, эки тараптуу жана көп тараптуу байланыштарды өнүктүрүүгө аракет кылышкан.

Ошентип, Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы постсоветтик мезгилдеги кызматташуусу жогорку деңгээлге жетти. Ал мамлекеттик байланыштардын түрдүү деңгээлдеринде жүрүп, туруктуу мүнөзгө ээ болгон. Акыркы жылдары Кытай менен Кыргызстандын байланыштары транспорттук инфраструктура жаатында да өнүгө баштады, эки өлкөнүн ортосундагы соода жүгүртүүнүн көлөмү туруктуу негизде өнүгүүдө.

*3.2. параграф “Кыргыз-кытай соода-экономикалык кызматташтыгынын негизги багыттары”* деп аталат. Анда Кытай Эл Республикасы өзүнүн тышкы саясатында соода-экономикалык кызматташтыкка өзгөчө артыкчылык берээри баса белгиленген.

Кыргыз-кытай экономикалык мамлелеринин укуктук негизин КРсы жана КЭРдин өкмөттөрүнүн ортосундагы 1992-жылдын 6-январындагы жана 1998-жылдын 27-апрелиндеги келишимдери эсептелет.

Кыргызстан алыскы чет өлкөлөр менен болгон тышкы соода жүгүртүүсүндө КЭР Германиядан кийинки экинчи орунда турат. Кытайдын Кыргызстанга болгон экономикалык байланыштары башынан эле соода чөйрөсүндө жүргөн. 1998-жылдын апрелинде КРнын Президенти А.Акаев КЭРге болгон расмий иш сапары учурунда соода-экономикалык байланыштарды ыкчамдаштыруу үчүн эки өлкөнүн ортосундагы соода-экономикалык кызматташтык боюнча Келишимге кол койгон.

Ушул максатта 1994-жылы түзүлгөн кыргыз-кытай соода-экономикалык кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык комиссия өз ишмердүүлүгүн тездеткен.

1998-жылдын апрелинде кыргыз-кытай өкмөттөр аралык комиссиянын үчүнчү кеңешмесинде эки келишим: КЭР жана КРнын ортосундагы соода-экономикалык кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык жаңыланган Келишим жана КЭР жана КРнын өкмөттөрүнүн ортосундагы Кытай тараптын Кыргызстанга кагаз фабрикасын куруу үчүн насыя бөлүп берүү жөнүндөгү Келишимдер бекитилген.

Андан сырткары, Кеңешмеде Кытай делегациясы КЭР өкмөтү КРнын өкмөтүнө 5 млн. юань өлчөмүндө товардык грант бериле турган чечими жөнүндө билдирген. Ошондой эле тараптар жыйынтыктоочу Бүтүмгө кол коюшкан. Анда: электр энергетика, сурманы өндүрүү жана сатуу, айыл-чарба, транспорт коммуникация багыттарында биргелешкен ишканаларды түзүү, соода жана инвестициялык кызматташуунун конкреттүү багыттарын аныкташкан.

Кыргыз-кытай биргелешкен ишканалар үчүн салык, бажы ж.б. жеңилдиктерди берүү маселелери каралган. Өндүрүш чөйрөсүндө кыргыз-кытай кызматташуусунун биринчи жемиши катары 1992-жылы түзүлгөн “Китлап” биргелешкен ишканасын атаса болот. 1998-жылы Биргелешкен кыргыз-кытай “Бакай-инфак” ишканасы пайда болгон. Ал кумшекер, ун ж.б. продукциялар үчүн кичи каптарды жасаган. Аталган ишкана курулуш материалдарын, минералдык жер семиркичтер, андан сырткары жылуулук кармоочу айыл-чарба плңнкаларын, сумкаларды жана тенттерди чыгара баштаган. Карабалтанын продукциялары Кыргызстандын, Казакстандын жана Россиянын рынокторунда чоң талапка ээ болууда. 2002-жылы Чүй областынын Беловодский айылында кыргыз-кытай Биргелешкен (ОАО)

“Улу-Салкын-Пиво” ишканасы түзүлгөн. 2004-жылы кыргыз-кытай “Таатан” биргелешкен ишканасы түзүлгөн (ООсОО). Анын негизги максаты Кыргызстандын жана бүт Борбордук Азиянын рыногун бүт талаптарга жооп берген жана сапаттуу стандарттагы сертификацияланган Кытай товарлары менен камсыз кылуу болгон. Ал товарлар өндүрүлгөн заводдордон түз алынып келинип турган. 2008-жылы биздин өлкөдө жалпысынан 208 ден ашуун кыргыз-кытай биргелешкен ишканалары болгон.

Акыркы жылдары Кыргызстанда импорттолгон кездемелерден кийим тигүүчү ишканалардын саны көбөйө баштады. Бул ишканалардын өндүрүлгөн товарлар Борбордук Азиянын, Россиянын рынокторуна жөнөтүлөт. Көбүнчө мындай ишканалардын кожоюндары Кытай атуулдары болушкан.

Жалпысынан алганда, соода чөйрөсүн эске албаганда Кытайдын Кыргызстан менен болгон экономикалык мамилелери анча деле өнүккөн эмес. Кытайдын Кыргызстандагы финансылык жардамдары негизинен республиканын өкмөтүнө техникалык жардам берүү менен тоо-кен жана транспорт тармактарында, андан сыркары курулуш материалдарын өндүрүү боюнча анча чоң эмес масштабдагы долбоорлорду ишке ашыруу менен гана чектелген.

Узак мөөнөткө созулган он жылдык соода-экономикалык кызматташуу боюнча программанын алкагында азыркы күндө Кытай менен Кыргызстан бир катар экономикалык долбоорлорду ишке ашыруу үстүндө иштеп жатат. Аларга: Кызыл-Суу цемент заводун куруу, Ташкөмүрдөгү жер семирткич өндүрүү заводу, “Иркечтам” жана “Торугарт” текшерүүчү-көзөмөлдөө пунктка жакын жерде Эркин соода аймагын түзүү, Кыргызстанда айыл-чарба техникалык борборун түзүү, кыргыз-кытай картон кагаз фабрикасынын ишмердүүлүгүн калыбына келтирүү. Жогоруда айтылган долбоорлордун жалпы суммасы бир нече миллион АКШ долларын түзгөн. Бул долбоорлордун кээ бирлери ишке аша баштаган, кээ бирлерин ишке ашыруу үчүн жигердүү сүйлөшүүлөр жүрүп жатат.

2006-жылдагы КРнын Президенти К.Бакиевдин Кытайга болгон мамлекеттик иш сапары Кыргызстандын Кытай менен болгон экономикалык кызматташтыгын жаңы деңгээлге көтөрүү, эки өлкөнүн ортосундагы байланыштардын мүмкүнчүлүгүнө жооп бере турган саясатты жүргүзүү максатында жасалган.

Жогоруда аталган иш сапардын экономикалык жактан маанилүлүгү эки өлкөнүн өз ара байланштарынын өнүгүүсүнүн багытын өзгөртүүдө турат. Кыргыз тарап экономикалык кызматташтыктын деңгээлин жогорулатуу зарыл экендигин билдирип, бул максатта эки өлкө тең энергетика, телекоммуникация, транспорт, тоо-кен өнөр жайы жана айыл-

чарбада ири масштабдагы долбоорлорду ишке ашырууга көңүл буруулары зарыл экендигин билдиришкен. Бул жолугушууда кыргыз тарап инвестициялык чөйрөдө өз ара байланыштардын жаңы формасын сунуш кылган, ал кызматташуунун өнүгүүсүнө ыңгайлуу шарттарды түзмөк, идеяны кытай тарап колдоого алган.

КЭРсы менен КРнын ортосундагы кызматташуунун багыттары өтө кенен. Аны 2009-жылдын 13–15-октябырында КРнын премьер-министри И.Чудиновдун Пекинге болгон расмий иш сапары тастыктаган.

Иш сапар учурунда кыргыз жана кытай тараптар өз ара байланыштарды жогорку деңгээлге жеткирүү, ведомстволор, аймактар жана парламенттер аралык кызматташууну өнүктүрүү зарыл экендиги баса белгиленген.

Жалпысынан алып караганда, Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы соода-экономикалык байланыштардын өнүгүшү туруктуу мүнөзгө ээ болгон деп жыйынтык чыгарса болот.

*3.3.* параграф *" Кыргызстандын КЭРдин СУАР менен болгон чек аралык кызматташуусу"* деп аталат жана анда Кыргызстандын КЭРдин СУАР менен болгон чек аралык кызматташуусуна чоң көңүл бурулат.

Аны менен катар СУАРдын Борбордук Азия мамлекеттери менен экономикалык байланыштарды күчөтүүсү КЭРсы үчүн анча деле мааниге ээ эмес деп айтууга мүмкүн эмес. Кытайдын, анын ичинде СУАРдын Борбордук Азия менен кызматташуусун ыкчамдаштыруу Пекиндин Батыш провинциясын тездик темп менен өнүгүү стратегиясынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Башка сөз менен айтканда кызматташуу КЭРдин Батыш провинциялыгы стратегиялык максаттарын ишке ашырууну жеңилдетет жана ага ар тараптан көмөк көргөзөт.

Бүгүнкү күндө СУАР Кыргызстандын эң маанилүү экономикалык өнөктөшү жана ал үчүн ири инвестициялардын булагы болуп саналат. Бир эле мезгилде бул Кыргызстандык чийки зат жана энергетикалык ресурстар үчүн маанилүү стратегиялык рынок болуп саналат. КРсы менен КЭРдин соода жүгүртүүсүнүн негизги бөлүгү СУАРдын өнөктөш компанияларына туура келет.

1992-жылы эле Кыргызстанга СУАРдан атайын өкмөттүк делегация келген. Аны СУАРдын элдик өкмөтүнүн төрөгасынын орун басары Ли Дуну жетектеген. Иш сапардын негизги максаты Кыргызстан менен СУАРдын ортосундагы соода-экономикалык кызматташтыкты түзүү шарттарын изилдөө жана анын негизинде конкреттүү ишкер келишимдерди түзүү болгон. Ушул максатта делегациянын мүчөлөрү баарынан мурда Кытай менен чектешкен Нарын жана Ош областтарында болушкан. Бул иш сапар 1991-жылы Кыргызстан сунуш кылган узак мөөнөткө созулган жана өз ара кызматташтыкты түзүү боюнча программа жөнүндө демилгеге жооп катары жасалган.

Ошол эле мезгил аралыгында КРсы менен КЭРдин СУАРынын областтары менен өзүнчө кызматташуу процесси башталган. 1992-жылы ноябрда Ошко СУАРдын (КЭРдин) Кызылсуу Кыргыз автономиялуу областынын делегациясы келген, аны областтын элдик өкмөтүнүн төрагасы Султан Ниеткабыл жетектеген. Ош областы менен Кызылсуу автономиясынын ортосунда соода-экономикалык жана технологиялык кызматташуу боюнча келишимге кол коюлган.

Кыргызстандын Үрүмчүдөгү соода өкүлчүлүгүнүн ачылышы өлкөнүн КЭР менен болгон соода-экономикалык кызматташтыгынын бүгүнкү күндөгү деңгээлинин кызыкчылыгына жана келечегине жооп болот. Бул өкүлчүлүк Кыргызстандын СУАР менен эле эмес КЭРдин башка аймактары менен да соода-экономикалык байланыштарды уюштуруу жана жөнгө салууга мүмкүнчүлүк түзөт. Андан сыркары, аталган өкүлчүлүк маалымат-аналитикалык ж.б. мүнөздөгү маселелер менен да алек болот.

Соода-экономикалык кызматташтыкты ыкчамдаштыруу, ыңгайлуу инвестициялык климатты түзүү жана эки аймактын ишкерлеринин ортосундагы туруктуу ишкер байланыштарды түзүү максатында 2003-жылы Нарын областы менен Кытайдын Кашкар жана Артуш ишканаларынын ортосундагы Ишкер кеңеш түзүлгөн.

2005-жылдын январында премьер-министр Н.Танаев жетектеген Кыргыз делегациясы СУАРга барган. Бул иш сапарынын негизги максаты соода жүгүртүүнүн көлөмүн жогорулатуу жана экономикалык кызматташтыкты андан ары өнүктүрүү болгон.

Бул жөнүндө 2005-жылы сентябрда СУАРдын делегациясын КРнын премьер-министри Ф.Кулов менен жолугушуу учурунда билдиришкен. Делегациянын негизги максаты Кыргызстандын экономикалык шарттарын жана инвестициясынын абалын изилдөө, республикадагы абалдын туруктуулугуна ынануу болгон.

2006-жылдын мартында Бишкек менен Үрүмчү шаарынын мэрияларынын ортосунда экономикалык, маданияттык жана соода багыттарында кызматташуу боюнча Меморандумга кол коюлган. Бул документ Бишкек шаарынын делегациясынын СУАРдын борборуна болгон расмий иш сапарларынын жыйынтыгы болуп калган. Иш сапар учурунда өз ара кызматташтыкты өнүктүрүүнүн бир катар ыңгайлуу багыттары аныкталган. Экономикалык чөйрөдө жеке инвестицияларды тартуу менен мүнөздөлөт. Тагыраак айтканда, кытай өнөктөштөрү суу сордургуч аппараттарды  чыгаруу заводун калыбына келтирүү долбоору, “Айдан фарма” АК, “Бишкек БИО фарм” ж.б. биргелешкен кыргыз-кытай ишканаларынын базасында уюштурууну пландаштырышкан. Мындан сырткары, Бишкекте автомашиналарды, турмуш-тиричилик техникасын жана тигүүчү машиналарды чыгаруу боюнча биргелешкен ишканаларды түзүү маселелерин карашкан.

Тараптар Бишкекте жана Үрүмчүдө туруктуу негизде иштөөчү соода-экономикалык өкүлчүлүктү ачуу боюнча макулдашышкан.

Андан сырткары, билим берүү, саламаттыкты сактоо, жаштар саясаты, спорт жана туризм, курулуш, транспорт, суу маселеси, турак жай коммуналдык кызматы, экология, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча кызматташуу программалары даярдалган.

СУАРды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү максатында Кытай өкмөтү тарабынан көрүлүп жаткан чаралар СУАРдын Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан менен кызматташтыкты кеңейтүүгө жана өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түздү.

Кыргызстандын Нарын, Ош, Жалал-Абад областтарынын ишкерлери такай негизде Кашкарда жана Үрүмчүдө жылда өткөрүлүп туруучу жарманкелерге катышып турушкан жана анда алар кытай кесиптештеринин өндүрүштүн түрдүү багыттарындагы тажрыйбалары менен таанышып турууга мүмкүнчүлүк алышкан. Мындай жарманкелер алардын көпчүлүгүнө жаңы өнөктөштүктү табууга жана атайын макулдашууларды түзүүгө мүмкүндүк берген.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР:

- Кытайдын Борбордук Азиядагы стратегиялык кызыкчылыктары негизинен коопсуздук жана экономикалык кызматташтык маселесине байланыштуу. Мындай саясат Кытайдын да, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн кызыкчылыктарына да жооп берет. Андан тышкары, диний экстремизмге, эл аралык терроризмге жана улуттук сепаратизмге каршы күрөшүүдө Борбордук Азиянын өлкөлөрү, Кытай, Россия, АКШ жана Европа жалпы максатка ээ. Буга байланыштуу дипломатиялык мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдалануу керек жана бул чөйрөдө кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн болгон күчтү жумшоо зарыл.
- КЭРсы менен Борбордук Азия республикаларынын экономикалык өз ара байланыштары тез темп менен өнүгүүдө. Ал КЭРдин экспорттук, инвестициялык, акыркы учурда технологиялык мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүп жаткандыгы менен түздөн-түз байланышта. Кытайдын экономикалык кубаттуулугунун өсүшү дүйнөлүк экономиканын бүт багытында байкалып жатат жана Борбордук Азия бул прцесстен четте калган жок.
- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн экономикасын Кытайдын тез темпте өнүгүп жаткан экономикасы менен салыштырууга болбойт. Кытай үчүн аталган аймактын республикалары менен байланыштарды өнүктүрүү анчалык деле макроэкономикалык мааниге ээ эмес. Борбордук Азия өлкөлөрү КЭРдин негизинен Батыш провинцияларынын энергетикалык керектөөлөрүн канааттандырууда белгилүү бир ролду ойнойт. Борбордук Азия үчүн КЭР менен экономикалык өз ара байланыштарды өнүктүрүү

өздөрүнүн экономикасынын туруктуу өнүгүшүн камсыз кылууга шарт түзөт.

- КЭРдин чийки заттарга (энергетикалык ресурстарына) болгон ички талабынын өсүшү Борбордук Азияны европалык эл эмес, кытайдын экономикасын да чийки зат менен камсыз кылуучу аймакка айлантат. Борбордук Азиялык экономиканын кытайга салыштырмалуу атаандаштыкка жөндөмсүздүгү чийки зааттардан башка товарларды өндүрүүгө жөндөмсүдүгү экспорттун мүмкүнчүлүгүн чектейт. Кытай продукцияларынын экспорттук агымына каршы турууга борбордуказиялык өлкөлөрдүн экономикасы жөндөмсүз. Башкача айтканда, эч кандай практикалык мүмкүнчүлүктөргө ээ эмес.
- Кыргызстандын Кытай менен кызматташуусу кеңири келишимдик-укуктук базанынын негизинде өнүгүп, эки тараптуу кызыкчылыктарга толук жооп берет. Эки тараптуу кызматташуунун бүт багыттарында эч кандай тоскоолдуктардын болбогондугу менен мүнөздөлөт;
- Саясий чөйрөдөгү келишимдерди иликтөөгө алуунун натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтыка келсе болот: биз иликтеп жаткан мезгил аралыгында Кыргызстан менен Кытай көп тараптуу бир катар келишимдерди түзүшкөн. Алардын ичинен эң маанилүүсү бири-бирин ынандырган чек ара маселесинин чечилишин айтса болот. Ал болсо өз кезегинде Кытайга жакын аймакта коопсуздук мейкиндигин орнотууга ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Андан сырткары, Кытай эл аралык аренада Тайвань проблемасы жана сепаратизм, терроризм проблемаларын чечүүдө коңшу мамлекеттердин колдоосуна ээ болгон;
- ШКУнун ишмердүүлүгүнүн ыкчамдашы жана ал уюмдун көп тараптуу долбоорлорго катышуусу биздин республика үчүн эң зарыл болгон коопсуздук проблемасын жана өлкөнүн бүтүндүгүн сактоо, анын экономикалык өсүүсү боюнча проблемаларды чечүүгө мүмкүндүк берет;
- Азыркы мезгилдеги кыргыз-кытай байланыштарынын абалын иликтөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй тыянакка келсе болот: Кытай Кыргызстандын саясатына телгилүү бир деңгээлде таасир тийгизип жатат жана ал комплекстүү мүнөзгө ээ. Эки тараптуу байланыштар саясий, экономикалык багыттарда жакшы өнүккөн, ал эми кызматташуу башка багыттарда да жөнгө салынууда.
- Кытайдын стратегиясында саясатка караганда экономикага көбүрөөк көңүл бурулат, мындай саясат азыркы күндө өз жемишин берүүдө. Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан дагы акырындык менен Кытайдын экономикалык таасир чөйрөсүнө кирүүдө.
- Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы азыркы мезгилдеги соода-экономикалык байланыштардын форматын тараптардын кызыкчылыктарына толук жооп берет деп айтуу кыйын. Анткени, кытай

экспортунун негизин текстиль, азык-түлүк товарлары жана машина куруу ж.б. түзөт, ал эми импорттун негизин текстиль үчүн керектүү чийки заттар: тери жана жүн, андан сырткары оор индустрияга керектүү кара металлдын калдыктары гана түзөт.

- Биз изилдеп жаткан мезгил аралыгында эки тараптуу экономикалык жана соода байланыштар эң төмөнкү деңгээлден башталган жана кыргызстандын майда жана орто бизнесин өз кучагына алган. Кытайдын биздин республикадагы кредиттик-финансы жана инвестициялык долбоорлорун ишке ашыруу анча деле жогорку деңгээлде болгон эмес;
- Кыргыз-кытай соода-экономикалык кызматташтыгынын азыркы абалы, анын деңгээли жана көлөмү эки өлкөнүн ортосунда түзүлгөн саясий байланыштардан бир топ эле артта калууда. Эки өлкөнүн ортосунда кол коюлган келишимдер кагаз жүзүндө эле калып, аны ишке ашырууга аракеттер жасалган эмес.
- КЭРдин СУАРы эки тараптуу кызматташууну ишке ашырууда өзүнчө бир түйүн болуп саналат. Мында кыргыз-кытай байланыштары өз ара мамилелердин бүт багыттарында ийгиликтүү өнүгүүдө.
- СУАР аркылуу Кыргызстан КЭРдин ички жана экономикалык жактан өнүккөн деңиз боюндагы райондору, андан сырткары Түндүк-Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азия менен байданышууга мүмкүндүк алат. Бул болсо өз кезегинде Кыргызстан менен СУАРдын экономикалык интеграциясына, андан сыркары, СУАРдын Борбордук Азиянын башка мамлекеттери менен өз ара ыңгайлуу экономикалык байланыштарды түзүүгө шарт түзөт. Бирок, эки тараптуу экономикалык кызматташтык толук кандуу ишке аша элек.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

- Соода-экономикалык кызматташтыкта проблемалуу маселелер катары соодадагы чоң дисбаланс жана Кыргызстандын Кытайга экспорту негизинен чийки заттардан эле турганын айтса болот. Мындай абалдан чыгуунун бирден-бир жолу кыргыз экономикасын жандандыруу, экспортко багытталган импортту алмаштыруучу өндүрүштү жөнгө салуу, аны менен катар Кытай капиталын өлкөнүн экономикасына активдүү тартууга аракет жасоо керек.
- Кытайда ишке ашырылып жаткан реформалар биздин өнүгүүбүздө, өз жолубузду тандап алууда баалуу тажрыйба жана сабак болуп саналат. Кытай экономикалык реформаларынын тажрыйбасы Батыш же башка Чыгыш үлгүлөрүнө караганда бизге жакыныраак. Бирок, бул тажрыйбаны механикалык түрдө көчүрүүгө болбойт. Андан пайдалуу, башка өлкөлөргө туура келе турган жерлерин алып, конкректтүү абал жана чындык менен айкалыштыруу зарыл.

- Чет элдик инвесторлорду тартуу үчүн ыңгайлуу щарттарды түзүү зарыл. Ал үчүн биринчи кезекте, ички саясий туруктуулук, тиешелүү мыйзамдык базалар, иреттүү каржылык тейлөө жана инвесторлор үчүн өтө кылдаттык менен изилденген, жеңилдетилген шарттардын системасы болуусу зарыл.
- Эки тараптуу байланыштарды андан ары өнүктүрүү максатында укуктук-келишимдик базаны кайрадан карап чыгып, анын иштебей жаткан жактарын таап, иликтеп, андан ары өнүгүүнүн конкреттүү багыттарын тактоо зарыл.
- Кыргызстандын экономикалык багытында Кытайдын таасири жана көзөмөлдөөсү мыйзам ченемдүү көрүнүш, бирок биздин мамлекет Кытай экономикасынан толук түрдө көз каранды болуп калбоосу үчүн экономиканын приоритеттүү чөйрөлөрүн аныктоосу зарыл.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:**


1. *Сабиров Р.К.* Кыргызско-китайские отношения на современном этапе [Текст] / Р.К.Сабиров // Изденис. Поиск. сер. гум. наук. – Алматы, 2010. – №4. – 101–106-б.
2. *Сабиров Р.К.* Становление кыргызско-кытайских отношений в начале 1990-х гг. [Текст] / Р.К.Сабиров // Кыргызстан тарыхынын маселелери. – Бишкек, 2007. – №2. – 29–34-б.
3. *Сабиров Р.К.* Стратегия КНР в Центральноазиатском регионе [Текст] / Р.К.Сабиров // Социальные и Гуманитарные науки. – Бишкек, 2009. – №7–8. –21–24-б.
4. *Сабиров Р.К.* Кыргыз-кытай кызматташтыгы [Текст]/ Р.К.Сабиров YY Наука и новые технологии. – Бишкек, 2008. – №10. – 21–23-б.
5. *Сабиров Р.К.* О некоторых проблемах кыргызско-китайского пограничного урегулирования [Текст] / Р.К.Сабиров // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2008. – №10. – 28–30-б.
6. *Сабиров Р.К.* Кыргыз Республикасынын Кытай Эл Республикасы менен мамилелеринин калыптанышы жана өнүгүшү (1990-жылдардын баш чени) [Текст] / Р.К.Сабиров // Известия вузов. – Бишкек, 2009. – №8. – 76–79-б.
7. *Сабиров Р.К.* Кыргыз-кытай экономикалык мамилелеринин бекемделиши [Текст] / Р.К.Сабиров // Известия вузов. – Бишкек, 2009. – №8. – 91–94-б.

**Сабиров Рысбек Келдибековичтин «Кыргыз Республикасынын Кытай Эл Республикасы менен саясий-экономикалык кызматташуусунун өнүгүүсүнүн тарыхый анализи (1992–2010-жж.)»**
**07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илиминин кандидаттык илимий даражасын изилдеп алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы, Кытай Эл Республикасы, тышкы саясат, глобалдашуу, кызматташуу, келишим, бүтүм, иш сапар, долбоор, жардам.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** XX кылымдын акыркы он жылдыктагы XXI кылымдын баш чениндеги Кыргызстан менен КЭРдин ортосундагы мамилелердин тарыхый өнүгүүсүн иликтөөгө алуу болуп саналат.

**Диссертациялык эмгектин объектиси** – эл аралык мамилелердин эки өз алдынча катышуучулары болгон Кыргызстан менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы мамилелерди аймактык деңгээлде да, дүйнөлүк деңгээлде да изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп XX кылымдын акыркы он жылдыгы XXI кылымдын баш чениндеги кыргыз-кытай саясий, соода-экономикалык байланыштарды, эки мамлекеттин өз ара карым-катнаштарын аймактык уюмдардын алкагында изилдөө эсептелинет.

**Изилдөө ыкмалары** болуп негизги жалпы тарыхый ыкмалар саналат: тарыхый-салыштырмалуу, сүрөттөө-баяндоочу ж.б.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы**. Бул эмгекте XX к. акыркы он жылдыгы – XXI к. баш чениндеги кыргыз-кытай саясий-экономикалык мамилелеринин тарыхын изилдөөгө алгачкылардан болуп аракет жасалды.

Бул проблеманы изилдөө жана конкреттүү тарыхый фактыларды комплекстүү анализге алуу мамалекеттердин эки тараптуу байланыштарынын абалынын өнүгүшүн так ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт, эки тараптуу байланыштардын түпкүрү сөзсүз түрдө азыркы өгүгүүнүн абалына таасир тийгизип, алардын ортосундагы байланыштардын өнүгүшүнө баа берип турууга мүмкүнчүлүк берет.

**Диссертациянын материалдарын колдонуунун деңгээли.** Эмгектин негизги материалдары, корутундулары жана сунуштары Кыргыз Республикасынын Кытай Эл Республикасы менен болгон өз ара байланыштарында колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн натыйжасы.** Диссертациянын материалдары Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди түзүүдө, лекциялык жана атайын курстарды даярдоодо колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар илимий-изилдөө процестеринде жана Кыргызстандын КЭР менен болгон саясатында системалуу, стратегиялык багытты иштеп чыгуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн жыйынтыктары адистер жана жалпы окурмандар үчүн да белгилүү бир дэңгээлде кызыгууну пайда кылат.

# РЕЗЮМЕ

**на диссертацию Сабирова Рысбека Келдибековича “Исторический анализ развития политико-экономических отношений Кыргызстана и Китайской Народной Республики (1992–2010 гг.)” представленную на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 -отечественная история**

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика, Китайская Народная Республика, внешняя политика, глобализация, сотрудничество, соглашение, договор, визит, инвестиции, проект, помощь.

**Цель диссертационного исследования** состоит в анализе исторического развития отношений между Кыргызстаном и КНР в последнем десятилетии XX – начале XXI вв.

**Объектом диссертации** являются – отношения двух самостоятельных субъектов международных отношений – Кыргызстана и Китайской Народной Республики, как в региональном, так и в мировом измерении.

**Методами исследования** являются основные общеисторические методы: историко-сравнительный, описательно-повествовательный и другие. Эти методы предполагают использование и общенаучных методов: анализа и синтеза, индукции и дедукции, диалектического метода восхождения от абстрактного к конкретному и других.

**Научная новизна диссертационной работы** заключается в том, что в настоящей работе представлена одна из первых попыток исследования истории кыргызско-китайских политико-экономических отношений в последнем десятилетии XX – начале XXI вв. Изучение данной проблематики и комплексный анализ конкретных исторических фактов позволит более точно представить эволюцию как состояния двусторонних связей государств, так и истоки современных проблем в их отношениях, что, несомненно, отразится на понимании текущих процессов и прогнозировании их развития в будущем.

**Степень использования материалов диссертации.** Разработанные в работе теоретические положения, практические рекомендации призваны способствовать совершенствованию сотрудничества Кыргызстана с КНР на основе соответствия интересов развития нашей республики.

**Результаты исследования** материалы диссертации могут быть использованы при создании обобщающих трудов по истории Кыргызстана, при подготовке лекционных и специальных курсов. Полученные результаты могут применяться в деятельности научно-исследовательских и государственных структур, занимающихся выработкой системного, стратегического подхода Кыргызстана к политике по отношению к КНР.

**RESUME**

**On the dissertation of Sabirov Rysbek Keldibekovich "The historical analysis of development of political-economical relations of Kyrgyzstan and the Chinese National Republic (1992-2010)", presented on competition of a scientific degree of the candidate of historical sciences on a speciality 07.00.02 – homeland history**

**Key words:** Kyrgyzstan, the Chinese National Republic, foreign policy, globalisation, cooperation, the agreement, the contract, visit, the project, the help.

**The purpose of dissertational research** consists in the analysis of historical development of relations between Kyrgyzstan and the Peoples Republic of China last decade XX - beginning XXI centuries

**Object of the dissertation** are - relations of two independent subjects of the international relations - Kyrgyzstan and the Chinese National Republic, both in regional, and in world measurement.

**Research methods** are the cores general historical methods: historic-comparative, opisatelno-narrative and others. These methods assume use and general scientific methods: analize and synthesis, an induction and deduction, a dialectic method of an ascension from abstract to concrete and others.

**Scientific novelty of dissertational** work consists that in the present work one of the first attempts of research of history of the Kyrgyz-Chinese relations last decade XX - beginning XXI centuries In our opinion is presented, studying of the given problematics and the complex analysis of concrete historic facts will allow to present more precisely evolution as conditions of two-way communications of the states, and sources of modern problems in their relations that, undoubtedly, will be reflected in understanding of current processes and forecasting of their development in the future.

**Degree of use of materials of the dissertation.** The theoretical positions developed in work, practical recommendations urged to promote perfection of cooperation of Kyrgyzstan from the Peoples Republic of China on the basis of conformity of interests of development of our republic.

**Results of research dissertation** materials can be used at creation of generalising works on stories of Kyrgyzstan, by preparation of lecture and special courses. The received results can be applied in activity of the research and state structures which are engaged in development of the system, strategic approach of Kyrgyzstan to the policy in relation to the Peoples Republic of China.

Форматы 60х84  1/16
Кјлјмі 1,7 б.т.
Офсеттик кагаз
Нускасы: 60

---

«Maxprint» басмаканасы,
Бишкек шаары, Курманжан Датка кјчјсі 207